# ЭФОТК (IFRIC) 20 түшүндүрмөсү
## *«Ачык ыкма менен иштетилүүчү кен чыккан жерди эксплуатациялоо этабында кен ачуу иштерине кеткен чыгымдар»*

## Шилтемелер

- *«Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү концепциясы»*[1]
- *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1
- *«Запастар»* ФОЭС (IAS) 2
- *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16
- *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38

## Баштапкы маалымат

1 Пайдалуу кен чыккан жерлерди ачык ыкма менен иштетүүдө пайдалуу кендердин запастарына жеткиликтүүлүк алуу үчүн ишканаларга рудасыз тектерди («ачылуучу тектер») алып салуу талап кылынышы мүмкүн. Бул рудасыз тектерди алып салуу ишмердүүлүгү «кен ачуу иштери» катары белгилүү.

2 Кен чыккан жерди өздөштүрүү этабында (казып алуу башталганга чейин) кен ачуу иштерине кеткен чыгымдар, адатта, кен чыккан жердеги курулуш, даярдоо жана тоодогу капиталдык иштерге таандык амортизацияланган баштапкы нарктын курамында капиталдаштырылат. Кен чыккан жерди эксплуатациялоо башталгандан кийин бул капиталдаштырылган чыгымдар адатта продукциянын көлөмүнө пропорционалдуу наркты эсептен чыгарып салуу ыкмасын колдонуу менен систематикалык негизде амортизацияланышат.

3 Тоо-кендерин казуучу ишкана кен чыккан жерди эксплуатациялоо этабында рудасыз тектерди алып салуу боюнча ишмердүүлүктү уланта жана кен ачуу иштерине жумшалган чыгымдарды тарта алат.

4 Казуу этабында кен ачуу иштерин жүргүзүүдө алып салынган тек, сөзсүз түрдө эле (100%) шлактуу тектерди гана түшүндүрбөйт; көп учурда булар рудалар менен рудасыз тектердин айкалышы. Руданын рудасыз тектерге болгон катышы ушунчалык төмөндөн (мында рудаларды казып алуу экономикалык жактан максатка ылайыктуу эмес) ушунчалык жогоруга чейин (мында казып алуу кирешелүү болот) өзгөрүшү мүмкүн. Руданын рудасыз тектерге карата катышы төмөн болгон тектерди алып салуу запастарды өндүрүү үчүн колдонулушу мүмкүн болгон бир канча сандагы жарактуу материалды бере алат. Бул тектерди алып салууда руданын рудасыз тектерге катышы жогору болгон тектердин кыйла терең катмарларына жеткиликтүүлүк алынышы мүмкүн. Ошентип, ишкана кен ачуу иштерин жүргүзүүдө эки эсе пайда алышы мүмкүн: колдонууга жарактуу руданы казып алуу, ал запастарды өндүрүү үчүн колдонулушу мүмкүн, жана алдыдагы мезгилдерде казылып алынышы мүмкүн болгон пайдалуу кендердин кошумча көлөмдөрүнө жеткиликтүүлүктүн жакшырышы.

[1] Шилтеме 2010-жылы чыгарылган жана ушул түшүндүрмөнү иштеп чыгуу учурунда колдонууда болгон «Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздерине» таандык.

5 Ушул Түшүндүрмө кен ачуу иштерин жүргүзүүдөн алынган эки көрсөтүлгөн пайданы качан жана кандайча өзүнчө эсепке алуу, ошондой эле бул пайдалардын баштапкы жана кийинки баалоосун жакшы жүргүзүү керектигин караштырат

## Колдонуу чөйрөсү

6 Ушул Түшүндүрмө рудасыз тектерди алып салууга кеткен чыгымдарга карата колдонулат, алар кен чыккан жерди эксплуатациялоо этабында ачык иштетүүдө келип чыгат («казып алуу этабында кен ачуу иштерине кеткен чыгымдар»).

## Маселелер

7 Ушул түшүндүрмөдө төмөнкү маселелер каралат:

(a) эксплуатациялоо мезгилинде кен ачуу иштерине кеткен чыгымдарды актив катары таануу;

(b) кен ачуу иштери менен байланышкан активдин баштапкы баалоосу; жана

(c) кен ачуу иштери менен байланышкан активдин кийинки баалоосу.

## Консенсус

**Эксплуатациялоо мезгилинде кен ачуу иштерине кеткен чыгымдарды актив катары таануу**

8 Эгер кен ачуу иштерин жүргүзүүдөн алынган пайда өндүрүлгөн запастар формасында ишке ашырылса, ишкана *«Запастар»* ФОЭС (IAS) 2нин принциптерине ылайык бул иштерди жүргүзүүгө кеткен чыгымдарды эске алууга тийиш. Эгер пайда рудалуу тулкуга жеткиликтүүлүктүн жакшыртылганын түшүндүрсө, ишкана бул чыгымдарды төмөндөгү 9-пункттун критерийлери сакталган шартта жүгүртүүдөн тышкаркы актив катары таанайт. Ушул түшүндүрмөнүн алкагында бул жүгүртүүдөн тышкаркы актив «кен ачуу иштери менен байланышкан актив» катары белгиленет.

9 Ишкана кен ачуу иштери менен байланышкан активди төмөнкү критерийлердин бардыгы сакталганда гана таанууга тийиш:

(a) кен ачуу иштерин жүргүзүү (рудалуу тулкуга жеткиликтүүлүктүн жакшыртылышы) менен байланышкан келечектеги экономикалык пайда ишканага келип түшүшү ыктымалдуу болсо;

(b) ишкана ага жеткиликтүүлүк жакшырган рудалуу тулкунун ошол компонентин идентификациялай алса; жана

(c) бул компонентке таандык болгон кен ачуу иштеринин жүргүзүлүшүнө байланышкан чыгымдар ишеничтүү бааланышы мүмкүн болсо.

10 Кен ачуу иштери менен байланышкан актив же болбосо болгон активди көбөйтүү катары, же болбосо аны жакшыртуу катары эске алынууга тийиш. Мындайча айтканда, кен ачуу иштери менен байланышкан актив болгон активдин *бөлүгү* катары эске алынууга тийиш.

11 Кен ачуу иштери менен байланышкан актив болгон активдин классификациясына ылайык материалдык же материалдык эмес актив катары классификацияланат. Башкача айтканда,

болгон активдин мүнөзү материалдык же болбосо материалдык эмес актив катары кен ачуу иштери менен байланышкан активди ишкана классификациялай аларын аныктайт.

## Кен ачуу иштери менен байланышкан активдин баштапкы баалоосу

12 Ишкана кен ачуу иштери менен байланышкан активди кен ачуу иштерин жүргүзүүгө кеткен, рудалуу тулкунун идентификацияланган компонентине жеткиликтүүлүктү жакшыртуучу жана алардын кыйыр чыгашаларына түздөн-түз таандык бул иштерине карата бөлүштүрүлүүчү тикелей чыгымдардын жыйындысын көрсөткөн иш жүзүндөгү чыгымдары боюнча баштапкы баалоо жүргүзүүгө тийиш. Эксплуатациялоо мезгилиндеги кен ачуу иштери менен бир эле убакта айрым коштоочу иштер жүргүзүлүшү мүмкүн, алар мында эксплуатациялык мезгилде пландаштырылган тартипте ачуу иштеринин улантылышы үчүн зарыл болуп саналышпайт. Мындай коштоочу иштер менен байланышкан чыгымдар ачуу иштери менен байланышкан активдин баштапкы наркынын курамына киргизилүүгө тийиш эмес.

13 Кен ачуу иштери менен байланышкан активге болгон чыгымдар, жана казылып алынган запастар боюнча чыгымдар өзүнчө идентификацияланышы мүмкүн эмес болгон учурларда, ишкана эксплуатациялоо мезгилинде кен ачуу иштерин жүргүзүүгө кеткен чыгымдарды казылып алынган запастар жана кен ачуу иштери менен байланышкан активдер ортосунда казып алуунун тийиштүү көрсөткүчүнө негизделген метод боюнча бөлүштүрүүгө тийиш. Казып алуунун бул көрсөткүчү рудалуу тулкунун идентификацияланган компонентине карата эсептелүүгө жана келечектеги пайданы түзүү боюнча ишмердүүлүк орун алган деңгээлди аныктоо үчүн негиз катары колдонулууга тийиш. Төмөндө мындай көрсөткүчтөрдүн мисалдары көрсөтүлгөн:

(a) казылып алынган запастардын наркы алардын күтүлүүчү наркы менен салыштырылганда;

(b) казылып алынган руданын көлөмүнө эсептегенде алынып салынган рудасыз тектин көлөмү рудасыз тектин күтүлүүчү көлөмү менен салыштырылганда; жана

(c) казылып алынган руданын санына эсептегенде казылып алынган рудадагы пайдалуу кендердин камтылышы казыла турган рудадагы алардын күтүлүүчү камтылышына салыштырылганда.

## Кен ачуу иштери менен байланышкан активдин кийинки баалоосу

14 Кен ачуу иштери менен байланышкан актив баштапкы таанылгандан кийин, же болбосо баштапкы наркы боюнча, же болбосо кайталап бааланган наркы боюнча, амортизацияны жана нарктын түшүшүнөн зыяндарды кемитип салуу менен, ошондой эле жол менен, ал бөлүгү болуп саналган болгон актив катары эсепке алынууга тийиш.

15 Кен ачуу иштери менен байланышкан актив ага жеткиликтүүлүк кен ачуу иштерин жүргүзүүнүн натыйжасында жакшыртылып жаткан рудалуу тулкунун идентификацияланган компонентинин күтүлүүчү пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде систематикалык негизде амортизациялanууга тийиш. Эгер башка метод максатка ылайыктуураак болуп саналбаса, продукциянын көлөмүнө пропорционалдуу наркты эсептен чыгаруу методу колдонулууга тийиш.

16 Кен ачуу иштери менен байланышкан активдин амортизациясын чегерүү үчүн колдонулган рудалуу тулкунун идентификацияланган компонентинин күтүлүүчү пайдалуу кызмат

© ФОЭС Фонду

мөөнөтү аларды эксплуатациялоо мөөнөтү кенди эксплуатациялоо мөөнөтү менен аныкталган кендин өзүнүн жана аны менен байланышкан активдердин амортизациясын чегерүү үчүн колдонулган күтүлүп жаткан пайдалуу кызмат мөөнөтүнөн айырмаланып турат. Бул принциптен келип чыккан өзгөчөлүк болуп кен ачуу иштерин жүргүзүү бүтүндөй калган рудалуу тулкуга жеткиликтүүлүктү жакшырткан жагдайлар саналат. Акыркысы, идентификацияланган компонент казылып алынуучу рудалуу тулкунун акыркы бөлүгүн түшүндүргөн кезде, мисалы, кендин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягына жакын орун алышы мүмкүн.

© ФОЭС Фонду

## А тиркемеси
## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор

*Бул тиркеме ушул түшүндүрмөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана ушул түшүндүрмөнүн башка түзүүчүлөрү сыяктуу эле күчкө ээ.*

A1 Ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2013-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана ушул Түшүндүрмөнү алда канча эрте мезгил үчүн колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

A2 Ишкана ушул Түшүндүрмөнү отчеттуулукта көрсөтүлгөн мезгилдердин эң эртесинин башталышындагы күнгө карата же бул күндөн кийин кен ачуу иштерине кеткен чыгымдарга карата колдонууга тийиш.

A3 Отчеттуулукта көрсөтүлгөн мезгилдердин эң эртесинин башталышындагы күнгө карата абал боюнча эксплуатациялоо этабында кен ачуу иштерин жүргүзүүнүн натыйжасында мурдараак таанылган активдердин калдыгы («мурда жүргүзүлгөн кен ачуу иштерине байланышкан актив»), бул күнгө карата ага мурдараак жүргүзүлгөн кен ачуу иштери менен байланышкан актив таандык болушу мүмкүн болгон рудалуу тулкунун идентификацияланууч компонентинин болуу шартында кен ачуу иштерин жүргүзүү таандык болгон активдин курамына кайра классификацияланууга тийиш. Мындай калдыктар мурда жүргүзүлгөн кен ачуу иштери менен байланышкан конкреттүү актив таандык болгон рудалуу тулкунун идендификацияланган компонентинин калган күтүлүүчү пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде амортизацияланууга тийиш.

A4 Эгер мурдараак жүргүзүлгөн кен ачуу иштери менен байланышкан актив таандык болгон рудалуу тулкунун идендификацияланууч компоненти жок болсо, мындай актив көрсөтүлгөн мезгилдердин эң эртесинин башталышына карата бөлүштүрүлбөгөн пайданын кириш сальдосунун курамында таанылууга тийиш.

© ФОЭС Фонду